**Раимбек УСУПБАЕВ, Чүй облусунун Панфилов районундагы К. Тилебалиев атындагы мектеп-интернатынын директору, «Даңк» медалынын ээси:**

# «МУГАЛИМСИЗ МАМЛЕКЕТТИ ЭЛЕСТЕТҮҮ МҮМКҮН ЭМЕС»



*Сүрөттө: Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев Чүй облусунун Панфилов районундагы К. Тилебалиев атындагы мектеп-интернатынын директору Раимбек Усупбаевге «Даңк» медалын тапшыруу учурунда*

Талыкпас эмгек, чыгармачылык изденүү, жаңычылдыкка умтулуу, билим берүүдөгү бийиктиктерди жаратуу, бүткүл жүрөгүн балдарга арнап, алардын жан-дүйнөсүнөн байыр алуу, турмуш жолдоруна чыйыр жол салуу мугалим үчүн канчалык татаал, жоопту болсо, ошончолук сыймыктуу, барктуу, ардактуу эмеспи. Мындай кесиптердин падышасы болгон мугалимдердин туусун бийик көтөрүп, анын аброюн арттыруу ар кимдин эле колунан келе бербейт.

Ооба, күнү-түнү билим бешигин терметип, ак баракка тигилип, сабак сырларына сиңип, таң шоокумун артынып, улуу күндөй мээрим чачып, мектебине шашыла басып келген – мугалим.

Мындай улуу кесиптин ээлерине жакында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жана улуттук экономиканы чыңдоо жылынын жыйынтыгы боюнча жаш муундардын руханий потенциалын көтөрүп, билим, тарбия берүүдөгү эмгектери үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарын тапшырды.

Анда Чүй облусунун Панфилов районундагы К. Тилебалиев атындагы мектеп-интернатынын директору Раимбек Усупбаев «Даңк» медалына жана А. Осмонов атындагы орто мектебинин орус тили жана адабияты мугалими, КР Билим берүүсүнүн отличниги Ашыралиева Анаркан Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына ээ болушту.

- Билим берүү жаш муундардын жан-дүйнөсүнө сиңүү. Анын локомотиви – мугалим. Мугалимсиз мамлекетти элестетүү мүмкүн эмес, - дейт Раимбек агай.

Туура. Кош кубанычка бөлөнгөн Панфилов районунун окуу-тарбиялоо мекемелеринин кызматкерлери «Агаңы көрүп ини, жеңени көрүп сиңди өсөт» дегендей, сыйлык ээлери менен сыймыктанышып, үстүбүздөгү 2016-жыл «Тарых жана маданият жылында» жаңы ийгиликтерди жаратууга дем, шык алышты.



*Сүрөттө: (ортодо) Панфилов районундагы А. Осмонов атындагы мектептин орус тили жана адабияты мугалими, КРнын Президентинин Ардак грамотасынын ээси Ашыралиева Анаркан педагогикалык жамааты менен [illegible]*

**Ибраим ЧОТОВ,**
**КРнын Билим берүүсүнүн отличниги, "КБнын" штаттан тышкаркы кабарчысы**

## • ЖОЖ жаңылыктары

### КТУ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН АКЫСЫЗ ОКУТТУ

**Кыргыз мамлекеттик техникалык университети окуучулардын кышкы каникулун пайдалуу өткөрүп берди. 11-январдан 22-январга чейин окуу жайдын телематика кафедрасы 9-11-класстардын окуучулары үчүн электроника жана робототехника боюнча акысыз курстарды уюштурду.**

Курстар пилоттук долбоор катары «Технолэнд» коомдук фондунун колдоосу менен өткөрүлүп, анда ар кайсы мектептерден келген 14 окуучу бир катар долбоорлорду иштеп чыгышты.

- Курстардан балдар электротехника, радиоэлектроника, микропроцессордук техника жана программалоо чөйрөлөрүндөгү негизги билимдерге ээ болушту. Акырында балдар «bluetooth-приложение аркылуу машинаны башкаруу», «Arduiono UNO до жогорку ылдамдыктагы машина», «Тесла мунарасы», «Джойстиктин жардамы менен кранды башкаруу», «Мини-пианино» долбоорлорун иштеп чыгышты. Курстун катышуучулары белектер менен сыйланышты жана аларга сертификаттар берилди, - дейт телематика кафедрасынын доценти Медралиева Бубусара.

Курстар өсүп келе жаткан муунду илим жана техника чөйрөлөрүнө кызыктыруу максатында кайрымдуулук негизинде өткөрүлүп, окуучулар ал үчүн эмгек акы алышкан жок.

### АЛТАЙ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БАЙЫРКЫ ТҮРК ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНИН АТЛАСЫ ЖАРЫК КӨРДҮ

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин түркология бөлүмүнүн окумуштуулары тарабынан жазылган «Алтай Республикасындагы байыркы түрк жазма эстеликтеринин атласы» аттуу китептин бет ачары болуп өттү. Китеп Эл аралык Түрк академиясы тарабынан орус жана түрк тилдеринде чыгарылды.**

Окуу жайдын профессору Кадыралы Конкобаев, доцент Нурдин Усеев, илимий кызматкер Негизбек Шабданалиевдин авторлугунда жарык көргөн бул атласта каралган эстеликтердин алгачкысы Россиянын курамындагы Алтай Республикасынын аймагынан 1818-жылы же мындан 193 жыл мурда Чарыш деген жерден табылган, азыркы күндө аталган эстеликтердин саны 101ге жетти. 2011-жылга чейин Алтай Республикасынын аймагынан 90 жазуу табылса, 2011-2012 жана 2013-жылдардагы авторлордун илимий экспедициялары учурунда буга чейин илимге такыр белгисиз болгон 11 жаңы жазма эстелик, «жоголду» деп эсептелип жүргөн эки жазма эстелик жана түркология илиминде алгачкы жолу Алтай Республикасындагы белгилүү болгон 101 байыркы түрк жазма эстеликтери жөнүндө толук маалымат берилген.

Атласта изилдөөгө алынган Алтай Республикасындагы байыркы түрк жазма эстеликтери кыргыз элине, алар курган мамлекеттерге, ал мамлекеттерде колдонулган адабий жазма тилге тикеден-тике тиешеси бар. Себеби бул жазма тил Борбордук Азияда орто кылымдарда жашаган, академик В.В.Бартольд "Улуу кыргыз державасы" деп атаган доордо ошол кездеги түрк элдери, алардын ичинде, эң биринчи иретте, кыргыздар активдүү лидерлик ролду ойногон Кыргыз каганаты доорунда колдонулган.

### ЖАШТАРГА НАСААТ АЙТАЛЫ

**Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда жаштарга насаат айтуу менен окутуунун инновациялык усулдарын, топ менен иштөө усулдарын көрсөтүп берүү максатын көздөгөн «Заманбап инновациялык жана салттык усулдар аркылуу билим берүү сапатын жогорулатуу» аттуу жаш мугалимдер үчүн семинар уюштурулду. Бул тууралуу окуу жайдын маалымат кызматы билдирди.**



Семинар окуу жайдын окуу маалымат департаменти тарабынан уюштурулуп, диалог-монолог, көргөзмө куралдар аркылуу түшүндүрмө берилди. Иш-чара үч баскычта өтүп, алгачкы баскычы билим берүү багытын көздөсө, тарбиялык багыты улап кетти. Үчүнчү баскычы заман талабына жооп берген технологиялык көргөзмө куралдарды даярдоо жөнүндө болду.

Ушундай эле семинарлар усулдук жардам берүү максатын көздөп, алыскы Баткен, Алай, Өзгөн райондорунун мугалимдерине дагы уюштурулду

### ОшМЮИнда КЫШКЫ СПАРТАКИАДА ЖЫЙЫНТЫКТАЛДЫ

**Ош мамлекеттик юридикалык институтунун окутуучуларынын кышкы спартакиадасы болуп өттү.**

Бир жумага созулган иш-чарада окуу жайдын факультеттеринин окутуучуларынан куралган командалар катышты. Алар футбол, волейбол, баскетбол, тогуз коргоол, стол тенниси жана шахмат боюнча күч сынашты. Жеңишке жетишкен спорттучлардын командаларына диплом жана акчалай белектер тапшырылды. Ал эми мелдештерге активдүү катышып, оюндарда спорттук чеберчилигин көрсөтө алган окутуучуларга атайын диплом жана акчалай сыйлыктар берилди.

**Чолпон КИЙИЗБАЕВА, "Кутбилим"**